КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫККӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ
КҮН-ЧЫГЫШ АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫККУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
КУН-ЧЫГЫШСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

**КҮН-ЧЫГЫШ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН**
**/VII чакырылышынын XXIV сессиясынын**
**Т О К Т О М У №10**

24-февраль, 2023-жыл — Бөкөнбаев айылы

**Күн-Чыгыш айыл өкмөтү боюнча айрым салыктардын зоналдык коэфицентин көтөрүү жөнүндө**

---

Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында 2023-жылдын 1-январынан тартып, салыктарга эсептелинүүчү зоналдык коэфицентти 1,6 коэфицентке көтөрүү боюнча Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы В.Абдулдаеванын, кирешелер боюнча башкы адис Г.Омpraванын маалыматын угуп жана талкуулап, Күн-Чыгыш айылдык Кенеши

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1.Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 404-беренесинин 4 пунктуна ылайык, 2023-жылдын 1-январынан тартып, Күн-Чыгыш айыл өкмөтү боюнча салыктарга эсептелинүүчү зоналдык коэфицент 1,6 болуп бекитилсин.

2.Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу Б.Шыгаевага тапшырылсын.

**Төрага** **К.Карыпов**

---

*Жиберилди: Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнө-1 дело-2*

Жооптуу катчы М.Кыдырбаев